***УДК 37.01***

# ААЛАМДАШУУ МЕЗГИЛИНДЕ МААЛЫМАТТЫК ТЕХНОЛОГИЯЛАРДЫН НЕГИЗИНДЕ ҮЙ-БҮЛӨДӨ ОКУУЧУЛАРДЫ АДЕП- АХЛАККА ТАРБИЯЛОО

*Какиева Гулзада Алимбековна* -Ага окутуучу
А.Ж.Мырсабеков атындагы Ош мамлекеттик педагогикалык университети
*ORCID: 0009-0007-2425-395X*, SPIN-код: 2425-2119.
*723504, Кыргыз Республикасы, Ош ш., Н. Исанов көч. 73*
*E-mail:* gulzadakakieva@gmail.com
*Мухтар кызы Айгерим- Магистрант Пм(з)--23*

# ВОСПИТАНИЕ НРАВСТВЕННОСТИ УЧАЩИХСЯ В СЕМЬЕ НА ОСНОВЕ ИНФОРМАЦИОННЫХ ТЕХНОЛОГИЙ В ЭПОХУ ГЛОБАЛИЗАЦИИ

*Какиева Гулзада Алимбековна - Старший преподаватель, Ошский государственный педагогический университет имени А.Ж. Мырсабекова,*
*ORCID: 0009-0007-2425-395X*, SPIN-код: 2425-2119.
*723504, Кыргызская Республика, г. Ош, ул. Н. Исанова, 73*
*E-mail:* gulzadakakieva@gmail.com
*Мухтар кызы Айгерим - Магистрант Пм(з)-1-23*

# EDUCATION OF STUDENTS' MORALS IN THE FAMILY BASED ON INFORMATION TECHNOLOGY IN THE ERA OF GLOBALIZAT

*Kakieva Gulzada Alimbekovna* - Senior Lecturer
*Osh State Pedagogical University named after A.J. Myrsabekov,*
*ORCID 0009-0007-2425-395X, SPIN code* 2425-2119.
*723504, 73 N. Isanov str., Osh, Kyrgyz Republic*
*E-mail:* gulzadakakieva@gmail.com
*Mukhtar kyzy Aigerim - Master's student Pm(h)-1-23*

**Аннотация.** Бул макалада ааламдашуу жана маалыматтык технологиялар шартында башталгыч класстын окуучуларын адеп-ахлактык тарбиялоонун актуалдуу маселелери берилген. Азыркы учурда адамзат коомунда инсанды өнүктүрүүнүн актуалдуу маселелерине өзгөчө көңүл бурулат. Маалыматтык технологиялардын жана рыноктук мамилелердин өнүгүшүндө башталгыч класстын окуучуларын инсанынын калыптанышына зор таасирин тийгизип жатат. Заманбап дүйнөдө инсандык өнүгүү маселелери бүткүл адамзат үчүн глобалдуу маселеге айланууда. Убакыт өткөн сайын адам руханий баалуулуктардан алыстап баратат. Натыйжада, адам эбегейсиз зор руханий мүмкүнчүлүктөрдү башынан өткөрөт да адамдын инсандык сапаттарын жоготот. Мындай шарттарда инсанды, өзгөчө окуучуларды үй-бүлөдө адеп-ахлактык тарбиялоо маселелери өзгөчө мүнөзгө ээ болот. Дүйнөдө илимий-техникалык процесстер тез өнүгүп жатат. Окуучуларды чыныгы адептүүлүктүн духунда тарбиялоо жагынан коомдун алдында жаңы милдеттер коюлууда. Инсандын калыптанышы, окуучуларды адептүүлүк духунда тарбиялоо жалпысынан ата-энелердин жана мугалимдердин педагогикалык аракетине жараша болот. Коомдо жана дүйнөдө көптөгөн социалдык жана коомдук мааниге ээ көйгөйлөр жана маселелер пайда болду. Көптөгөн көйгөйлөргө карабастан, окуучуну чыныгы адептүүлүктүн духунда тарбиялоо маселеси мезгилдин жана доордун эң маанилүү милдети болууда.
**Ачкыч сөздөр.** инсан, адеп-ахлак, окуучу, тарбия, маалыматтык технологиялар, ааламдашуу.

**Аннотация.** В данной статье представлены актуальные вопросы нравственного воспитания учащихся начальных классов в условиях глобализации и информационных

технологий. В настоящее время особое внимание уделяется актуальным вопросам развития личности в обществе. Развитие информационных технологий и рыночных отношений оказывает огромное влияние на формирование личности учащихся начальных классов. В современном мире проблемы развития личности становятся глобальной проблемой для всего человечества. Со временем человек отдаляется от духовной ценности. В результате человек испытывает огромные духовные возможности и теряет нравственные черты личности. В таких условиях вопросы нравственного воспитания личности, особенно учащихся в семье, приобретают особый характер. В мире быстро развиваются научно-технические процессы. Перед обществом ставятся новые задачи воспитания учащихся в духе нравственным ценностям. Формирование личности, воспитание учащихся в духе порядочности в целом зависит от педагогических усилий родителей и учителей. В обществе и в мире возникло множество социальных и социально значимых проблем. Несмотря на множество проблем, вопрос воспитания ученика в духе нравственности остается важнейшей задачей времени и эпохи.

**Ключевые слова.** личность, нравственность, учащихся, воспитание, информационные технологии, глобализация

**Annotation.** This article presents current issues of moral education of primary school students in the context of globalization and information technology. Currently, special attention is being paid to topical issues of personality development in society. The development of information technology and market relations has a huge impact on the formation of the personality of primary school students. In the modern world, the problems of personality development are becoming a global problem for all mankind. Over time, a person moves away from spiritual values. As a result, a person experiences tremendous spiritual possibilities and loses moral personality traits. In such circumstances, the issues of moral education of individuals, especially students in the family, acquire a special character. Scientific and technical processes are developing rapidly in the world. The society is faced with new tasks of educating students in the spirit of moral values. Personality formation and education of students in the spirit of decency generally depend on the pedagogical efforts of parents and teachers. Many social and socially significant problems have arisen in society and in the world. Despite the many problems, the issue of educating a student in the spirit of morality remains the most important task of the time and era.

**Keywords.** personality, morality, students, education, information technology, globalization.

Жыл өткөн сайын биз адеп-ахлактын адам коомундагы маанисин жана улуулугун түшүнө баштадык. Окуучулардын инсандыгын калыптандырууда коомдун жана замандын ар кандай глобалдык проблемаларын адеп-ахлаксыз чечүү жагымсыз кесепеттерге алып келет. Коом чече элек кандай гана маселелер болбосун, алар биздин замандын негизги маселелерине айланбайт. Дүйнөнүн өнүгүү тарыхынан биз көптөгөн саясий жана мамлекеттик ишмерлер экономикалык маселелерге артыкчылык бергенин билебиз. Бирок, тилекке каршы, бул маселелер азыркы социалдык-экономикалык турмуштун өнүгүшүнүн аныктоочу фактору боло алган жок. Бул маселени чечүүдө үй-бүлөнүн ролу жыл сайын жогорулап барат. Үй-бүлө окуучуларды жана балдарды адеп-ахлактык жактан тарбиялоодо эбегейсиз зор мүмкүнчүлүктөргө ээ. Ушуга байланыштуу коомдо инсанды чыныгы адептүүлүктүн духунда тарбиялоо маселелеринде үй-бүлөнүн тажрыйбасын түшүнүү зарылчылыгы келип чыгууда.

Ылдамдатылган илимий техникалык прогресс жана рыноктук мамилелер азыркы дүйнөдө окутуучунун күчүнө жыл сайын жаңы талаптарды коюуда. Адамдын адеп-ахлактык тарбиясын изилдөө, өзгөчө үй -бүлөдө актуалдуу болуп жаткандыгы байкалат. Адеп-ахлак тарбиясы жөнүндө улуу ойчулдар, педагогдор изилдеп келишкен. Атап айтсак А.И.Герцен, К.Д.Ушинский, А.Н.Радишев, В.Г.Белинский. Я.Корчак, А.Макаренко, А. Сухомлинский, В.Волков, Ш. Амонашвили, А. Алимбеков, Г.Мадаминов, Жоошбаев.Н. Садирова Б.ж.б. Чыныгы адептүүлүктүн духунда инсанды

калыптандыруу учурдун объективдүү талабына айланууда. Азыркы заманда коомдун адеп- ахлактуу жарандарына муктаждык бар. Коомдун гумандуу жана татыктуу жарандарысыз коомдун келечегин элестетүү мүмкүн эмес. Заманбап дүйнө заманбап мугалимдерди чыныгы адамдын маанисин жана улуулугун терең түшүнүүгө мажбурлап жатат. Адамзаттын маанисин жана улуулугун түшүнбөй туруп, жаңы дүйнөнү жана коомду куруу жөнүндө сөз кылуу мүмкүн эмес. Коомдо кандай суроолор жана көйгөйлөр чечиле элек, адеп-ахлак маселелери азыркы дүйнөнүн өнүгүүсүнүн өзөгү болгон жана боло берет. Мына ушуга байланыштуу Совет бийлигинин окуу жайларынын тажрыйбасын терең түшүнүүнүн теориялык гана эмес, практикалык мааниси да бар. Советтик мезгилдин тарыхынан биз жүз миңдеген жаштар үй-бүлөнүн аркасында жаркын билим алышканын билебиз. Үй-бүлө – бул жер эне. Өсүп чыккан дарактар бул – балдар деп эсептесе болот. Анткени, үй-бүлө институтун жана балдарды тарбиялоодо үй-бүлөнүн ролун баалабоо оор кесепеттерге алып келет. Адамзаттын жаркын акылдары үй-бүлөдө татыктуу тарбия алышкан. Ч.Айтматов, И.Разаков, И.Арабаев, С.Ибраев, Г.Мадаминов жана башка көптөгөн улуу инсандар үй-бүлөдө мыкты тарбия алышкан.

Азыркы мезгилде ата-энелер “Тарбиялоо үйдөн башталат, мектепте калыптанат” деген элдин эзелки нуска кебин эске салбай, баарын мугалимдерге шылтап, түртүп жатканы айдан ачык. Балага мектептик таалим тарбия берилип, эң башкысы үй-бүлөлүк тарбия, үй-бүлөлүк маданият берилген эмес. –деп айткан Н.Жоошбаев. [1.51-б].
Адептүүлүк жана жан дүйнөнү руханий жактан азыктандырууда, доор алмашса да бөксө жерин толтуруп, жаңылап туруу ар бир адамдын милдети. Азыркы учурда адам баласынын макулук же маңкурт болуу эч кеп эмес. Окуучуларга жана жаштарга улуу муундун акылмандардын, улуу ойчулдардын, устаттардын эмгегин четте жана унутта калтырбай ошонун негизинде акын жазуучулардын классиктердин чыгармаларын жана кыргыз элинин маданиятын, үрп адат, салт-санаасы менен тааныштырып тарбиялоо азыркы замандын талабы. Ч.Айтматов өзүнүн Айымкан Чоң энеси айылдагы зоболосу зор, акыл - парасаты тунук, жомокчу болгон жана анын талыкпаган эмгегинин негизинде кыргыз адабиятынын алп жана залкар жазуучусу болуп калды. Чынгыз Айтматовдун чоң энесинин рухий дүйнөсүнүн улуулугун, тазалыгын, сыймыктануу менен эскерет. Анын кыргыз элинин жомокторун көп айтып берип Чыңгыздан кайрадан түшүнүгүн сурап алуусунда болгон.

“Адамдын башкаларга кылган эң чоң жакшылыгы – үйүнөн адам болоор балдарды тарбиялап өстүрүү болгон”. Азыркы цивилизациянын натыйжасында заман жакшы болуп, заңгыраган үйлөр салынып, ар бир балага бирден бөлмө болуп үй-жайыбыз чоңойду, билимибиз кеңейди, бирок ички жан дүйнөбүз, пейилдерибиз тарыды.

“Адамга эң кыйыны – күн сайын адам болуу”- деген учкул сөздөр азыркы заманыбызда эң керектүү акылман ойлорунун түпкүрүндө адам баласынын жаралгандан бүгүнкүгө чейин ичи менен тышынын, ойлоосу менен кылган жоруктарынын, терс сапаттарынын жойо албай келе жаткандыгындагы философиялык ойлорду таамай айтып кеткен Ч.Айтматов. [2]

Кыргыз эли улуттук руханий баалуулуктарыбызды муундан-муунга улантып, сактоочу, өздөштүрүүчү, андан ары улантуучу жүрүм-турумдарды жетекчиликке алып ошол баалуулуктар үчүн жашагандай таалим-тарбия чөйрөсүн түзүү зарыл.

“Адеп” сөзү кыргыз тилине араб тилинен оошуп кирип, азыркы маани маңызы жагынан кыргыз элиндеги адамдын адамгерчилик касиеттеринин көп жактуу компонеттеринин бир түйүнгө бириктирген түшүнүк катары кабылданып калган деп А.Алимбеков баса белгилеген. [3.7-б.]. Адептик жактан тарбиялоо ишине жоопкер биринчи кезекте үй-бүлө, мектеп мугалимдери, жогорку окуу жайлардын студенттери адептик маданияттын андан ары улантуучусу катары эсептейбиз.

Х.Карасаевдин “Накыл сөздөр” аттуу китебинде адеп-жүрүм, жүрүм-турум; сылыктык деп берилет. Ал эми адеп-ахлак-жүрүм турум, кулк-мүнөз дегенди билдирет. [4. 28-б.]. Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгүндө “адеп” –ызаттуу, тартиптүү жүрүм-

турумдун, өзүн алып жүрүүнүн нормасы, сылыктык деп берилет. Адептүү инсан адеби бар, тарбиялуу, адеп сактай билген, кандай гана учурда болбосн өзүн-өзү кармай билген деген маанини түшүндүрөт. Ал эми адепсиздик  адеби жоктук, башкаларды ызат кылбагандыгында, кай жерде болбосун башкалардан өзүн бийик сезгенинде. Адамдын адептүүлүгү анын акыл парасаты, жүрүм-туруму, башкаларга жасаган мамилеси, иш билгилиги, башкалар менен тил табыша билүүсү, өзүн жана айланасындагыларды жаман жоруктардын, ыплас нерселерден  сактап калуусу, туура кеңеш берүүсү.  Ошондой эле туура ойлоо, ойлогон оюндай сүйлөөсү жана сүйлөөсүндөй иш аткаруусунан билинет.

Адептүүлүк туурасында кыргыз элинин макалдарынан сөз кылсак “Адам – көркү- адеп”, “Адептүү алкыш алат, адепсиз каргыш алат”, “Адеби жок жигит жүгөнү жок атка  ошош”, “Ийилгенге ийилгин, башың жерге тийгиче” деген макалдарда  адамдын адам болуусунда  жана таалим тарбиясы катары каралат. Кыргыз элинен чыккан акылмандар менен акындардын  адептүүлүк жөнүндө накыл кептерине токтолуп өтсөк. Акылман Сарт акенин айтуусу боюнча  “Жүрүш туруштун, кулк мүнөзүн, пейилдин өзү адептүүлүк жана адепсиздик менен бааланат. Адептүүлүк калктын урматтоосуна алып баруучу айкын жол”. Адепсиздик – өтө төмөндүк. Ал акыры жек көрүүчүлүккө, элден чыгууга  алып барат. “Кептин кыскасы, адептүү, акылдуу, жөн билги адам – жарык жылдыз, күнөстүү жерге өскөн жайдары гүл болсо,  адепсиз адам чалчыктагы балыр сыяктуу” – деп  айткан Сарт аке. [5. 77-бет.]. Бул акылмандын айтуусу боюнча адамдардын пейилин эч нерсеге кереги тийбеген терс сапаттагы чалчыкка салыштырууда. Адептүүлүк маданиятыбызды көп кырдуу деп эсептесек болот. Балдарды адептүүлүккө тарбиялоодо мекенчилдикке, меймандостукка, улууларды урматтоого, кичүүлөрдү ызаттоого, элчилдикке, акыл эстүүлүк, жакшы ниеттүүлүк, кичи пейилдик, жөнөкөйлүк, сылыктык, кең пейилдик, толеранттуулук, сабырдуулук, уяттуулук, калыстык сапаттарга тарбиялоо сыяктуу баалуулуктарды камтыйт.

Ошондой эле кыргыз элинен чыккан таажысыз эл башкарган падышабыз Курманжан Датка энебиздин сөзүн алсак. “Адамдын күзгүсү адам, анткени өзүндүн мыкты жана кемчил жактарын башка адамдар аркылуу гана көрөсүң, туясың” –деп баса белилеген Курманжан Датка. [6.56-б.]. Ачык жүздүү, ширин сөздүү,куш мамиледе болуу эң мыкты сапаттардын бири. Ар бир ишти этияттык менен аракет кылган адам ар дайым ийгиликке жетет. Этиятсыздык бул зыяндуу ишке алып келет. Айрым адамдардар өзүндөгү кемчилдикти сезбейт. “Өзүнүн башындагы пилди  көрбөй, бирөөнүн башындагы чөптү көрүптүр” дегендей эле сөз. Ал өзүндөгү кемчилдиктерди көрө билсе, терс сапатарынан арылса түркөй болбос эле. Адам баласы иш баштаарда, акыр аягы эмне болоорун ойлонуш керек. Ойлонулбай жасалган иштин аягы арман болот. Ошол үчүн кыргыз элинин дагы бир макалын айта кетсем. “Жети өлчөп, бир кес” - деп бекеринен айтылбаса керек. Бой көртөрүү, менменсинүү адамга атак-даңк алып келбейт. Тескерисинче бир сырдуу, оор басырыктуу, иштеген ишинин көзүн билсе, берилген убадага бекем болуп иш жүзүнө ашырса, калк сүймөнчүлүгүнө ээ болуп, бакты-таалай ага жар болот. Адам баласы анын жамандыгына теңдеш жакшылык кылуу бул- айкөл, март адамдын сапаты.  Анын жамандыгына  тете жамандык кылбаса дагы,  ага карөзгөйлүк, жамандык санабоо бул-акыйкатчы адамдын сапаты. Жамандык кылган кишиге жакшылык кыла албаса да, аны кечире билүү чынынгы асыл инсандык сапаттардын бири. Ар бир адамга өтө зарыл: каарданып, өзүндү коёрго жер таппай турган учурда өзүн кармай билүү, башка оор иш түшкөндө чыдамсыз, ачуулуу болбой сабырдуу болуу жана кайрадан кайрымдуу иштерге шашылуу эр адамдын иши.

Улуу педагог А.С.Макаренко “Баланы үй-бүлөдө туура тарбиялоо ата-эненин бактылуу карылыгы, ал эми туура эмес тарбиялоо ата-эненин кайгысы, муңу жана келечектеги көз жашы”- деп ата-энелер балдарды үй-бүлөдө адептүүлүккө тарбиялоо манилүү экендигин  баса белгилеген. [7. 15-б.].

“Уулунду адепке сөз менен эмес, өрнөк менен үйрөт”, ыйманы бар боз бала ыйманы бар чырактай деп кыргыз  макалдарынан мисалдары келтирген. Г.Мадаминов.  [8. 22-б.].

Баланын эң биринчи тарбиясы бул –адептик тарбия. Башкача айтканда, баланы жаман иш жана жаман достордон алыстатып, жакшы достор менен ойноосуна көңүл бөлүү, жакшы жүрүм-турумдарды үйрөтүү менен ата-эне да үй-бүлөдө үлгү болуусу зарыл. Баланы ашкере басмырлоого болбойт, анын кетирген катачылыктарын тийиштүү түрдө оңдоо, керектүү учурда уяткаруу керек. Баланын кемчилдиги же туура эмес иш жасагандыгы үчүн аны жазалоодон этият болуу жакшы. Анткени бала ачуулуу, кайгылуу, коркок, жалкоо же көңүл кош, жоопкерчиликсиз, өз сөзүнө турбаган болуп чоңоюусуна себеп болушу мүмкүн. Уул баланы тарбиялоо – жигиттин мүнөзүн, эрктүүлүгүн, адеп - ахлактуулугун өстүрүү дегендик. Анткени, билим берүү мекемелеринде мүнөздөрдү өстүрүү, эрктүүлүк маселелери эч кандай мааниге ээ эмес. Алар бул жөнүндө сүйлөшпөйт да. Мүмкүн, кээде сөз сүйлөп коюшат, бирок мектептерде адеп-ахлактык тарбия берүү тармагында кадрдык потенциалга жетишсиз баа берилүүдө. Натыйжада мектептен адеп-ахлактык баалуулуктарга кызыкпаган жоопкерчиликсиз окуучулар чыгат. Эң негизгиси, башталгыч класстарда мүнөздөрдү өнүктүрүүнүн системалуу, ырааттуу үлгүсү жок. Мүнөздү калыптандыруусуз жана өнүктүрүүсүз мектептеги бардык тарбия иштери нөлгө чейин кыскарат. Театрда мугалимдердин эмгегин көрсөтсөк, көптөгөн мугалимдер, студенттер, жалпы эле кыргыз эли көп мүмкүнчүлүктөр текке кетип жатканын түшүнмөк.

Демек, балдарды адеп - ахлактык сапаттарга тарбиялоо үчүн ата-энелерге мугалимдер тарабынан төмөнкүлөр сунуш кылынат. Адептүүлүк сапаттарга тарбиялоодо мугалимдер, ата - эне, үй-бүлө менен иш алып баруу керектигин сунуш кылабыз. Анткени бардык тарбиянын негизин жалпы жашоо образын үй-бүлөдөн алышат. Жаштар үй-бүлөлүк турмушту туура куруусу маанилүү жана жубайлардын тең укуктуулугу, үй-бүлө мүчөлөрүнүн ортосундагы туура мамилелер, өз ара бири-бирин урматтоо жана камкордук, патриоттук эмгекчилдик, жалпы тартип жана үй-бүлөлүк салттар, улуулардын балага болгон талаптардын бирдей коюлушу маанилүү. Үй-бүлө турмушун материалдык муктаждыктар ( үй, тамак-аш, кийим-кече, жылуулук ж.б.) гана эмес, руханий керектөөлөр дагы толугураак канааттандырылып, баланын өнүгүүсүнө шарттарды түзүү керек. Баланын көз алдында ата-эненин кадыр - баркынын болушу жана баласынан кимди тарбиялоону, кандай адам, кандай сапаттарды тартуулоону так түшүнүшү керек. Баланы туура тарбиялоо үчүн аны жакшы билип, түшүнүп, ата-эне баланы тарбиялоо жөнүндө педагогикалык билимге ээ болуусу жана өздөрү үлгү болуусу зарыл. Азыркы учурда ата-энелер менен бардардын ортосундагы көйгөйлүү проблемаларды чечүү үчүн наватор практик мугалим Гапыр Мадаминов баштаган “Энелер мектеби” жакшы натыйжа берип жатат. Баланы туура тарбиялоодо анын максаттары жана милдеттерин жакшы билип, түшүнүү керек, бул үчүн ата-энелерде педагогикалык билимдин болушу азыркы учурдун талабы. Ата-энелерге баланын жүрүм-турумун туура уюштурууда жана аны тарбиялоо үчүн туура жолду тандоого жардам берет. Бул үй-бүлөдө жана мектепте адептүүлүктү азыктандыруучу таасирлердин биримдигин орнотуу үчүн зарыл.

**Адабияттар:**

**1.** Үй-бүлөлүк тарбиядагы педагогикалык маселелер. Жоошбаев.Н. Садирова.Б. Б:2023-ж. 51-б.
**2.** https://sputnik.kg/ Ч.Айтматов
**3.** Кыргыз эл педагогикасындагы адеп тарбиясы.Б.2018-ж. Алимбеков А. 7-б.
**4.** Карасаев Х. Накыл сөздөр: Тил казынасынан баян. Ф.: Кыргызстан. 1982-ж. 28-б.
**5.** Кыргыздар: Он төрт томдук. IX том. Б.:Бийиктик, 2011-ж. 77-бет.
**6.** Ой гүлдөрү. Элдик чыгарма. Б.: 2013-ж. 56-бет.
**7.** Гребенников И.В. Мектеп жана үй-бүлө. Фрунзе.-1989-ж. 15-бет.
**8.** Дасторкон четиндеги университет. Б.:2022-ж. 22-бет. Мадаминов Г.М.

**Үй-бүлөдө окуучуларды адеп- ахлакка тарбиялоо жөнүндө маалымат:**
https://ilim.oshmpu.kg/index.php/01/article/view/255/175. Тогузакова.Б. Башталгыч класстын окуучуларын адептүүлүккө тарбиялоодо макалдары пайдалануунун өбөлгөлөрү.
А.Марсабеков атындагы Ош МПУнун жарчысы илимий –усулдук журналы. 2024-№2. (24). 2-том. 188-192-беттер.

https://ilim.oshmpu.kg/index.php/01/issue/view/20/40. Какиева Г.А. Кенже мектеп окуучуларына математикалык билим берүүдө ата-энелердин орду. 92-96.беттер. “А. Мырсабеков атындагы ОшМПУ жарчысы илимий –усулдук журналы.” 2023-ж. №1. (21) https://ilim.oshmpu.kg/index.php/01/article/view/255/175. Умарова Р.Н. Үй-бүлөдө балдарды адептүүлүккө тарбиялоодо жазалоонун ролу. А.Марсабеков атындагы Ош МПУнун жарчысы илимий –усулдук журналы. 2024-№2. (24). 2-том. 197-200-беттер.
https://ilim.oshmpu. Жабыева А.А. Кыргыздын кенже эпосторунда адептүүлүккө тарбиялоо идеялары. 56-64-бет. 2012-ж. №1